# Кошой - Коргонго саякат




Автор: Заря Мамбетова

Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Кошой - Коргонго саякат

Автор: Заря Мамбетова
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кошой - Коргонго саякат"(кыргыз тилинде), автор Заря Мамбетова, сүрөтчү  Жыргал Камамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Кара-Суу айылынын чыгыш тарабында байыркы Кошой-Коргон чеби бар. Бул жер – элдин сүйүктүү жайы. Башка жактан келген коноктор сөзсүз коргонду көрүп кайтышат. Чепти көргөнү туристтер да көп келет.

– Кошой-Коргонго барып келсем болобу? – деп бир күнү Улук атасынан сурады.

– Ал жерге ойногонго болбойт.

– Эмнеге?

Коргон жылдан-жылга урап, кичирейип бара жатат. Мурдагыдай эч ким мал жайбайт. Кошой-Коргонду сактоо үчүн эл тегерете бак тиге баштады, – деди атасы.

– Биз барсак болбойбу?

– Болот, дем алышта силерди өзүм алып барам.

– Макул, ата.

Эсиңдеби, бүгүн бөбөгүңдүн туулган күнү да. Жүр, белек  алып келели, – деди апасы

Улук апасы менен дүкөнгө келди. Алар оюнчук саткан бөлүмгө кириштi. Сатуучу шарларды насос менен үйлөтүп жатыптыр. Кызыл, сары, жашыл жана башка түркүн түстүү шарлар.





Коё берсе эле, баары абада калкып, заматта учуп кетчүдөй болуп сонун көрүнөт.

– Мени үйлөтсөңүз, ушул шардай болуп каламбы? – деп Улук күлдү.

Сатуучу баланын кыялына каткырып күлүп жиберди. Алар кызыл, жашыл, сары, түркүн түстөгү шарларды сатып алышты. Улук колундагы шарларга улам-улам кызыга карады. Шар менен кошо асманга учкусу келди. Анан көзүн жуумп, кыялданып кетти.

Улук аба шары менен жогору карай көтөрүлүп учуп бара жатты.

– А-ай, ай, токто, кетпе, – деп апасы кол булгап кала берди.

Аба шары уламдан-улам бийиктеди. Улук көргөндөрүнө аң-таң болду. Төмөн жакта талаалар, токойлор, тоолор, үйлөр, бардыгы кичинекей көрүндү. Ал көк асманда булуттарды аралап учуп бара жатат. Тээ алыстан куштар көрүндү. Айлана жымжырт. Көп учтубу, же аз учтубу, ал убакыттын кандай өткөнүн сезбеди.





– Кайда баргың келет? Тоо арасынабы же чоң шааргабы? Каалаган жериңе барып конобуз. Ойлон! – деген үн угулду.

– Кошой-Коргонго барам, – деп Улук оюндагысын айта салды.

Аба шары ылдыйлап учуп бара жатты. Бир маалда ал Кошой-Коргондун жанына конду. Кошой-Коргондон аны ак сакалдуу карыя тосуп чыкты.

– Саламатсызбы, чоң ата,– Саламатчылык, келип калдыңбы, балам? Сени көптөн бери күтүп жүргөм.

– Мени кайдан билесиз, чоң ата?


– Кошой-Коргонду көрсөм деген оюң мага жетти. Анан шарды учуруп, сени бул жакка алып келбедимби.

– Ай-ий, анда сиз сыйкырчы турбайсызбы!

– Сыйкырчы десең да мейли. Мен бул жерди миң жылдан бери кайтарам.

– Кошой баатырды билесизби?

– Ооба, мен  Кошой баатырдын жоокеримин. Ал мени бул жерге атайын калтырган.





Улук ого бетер таң калды.

– Жүр, сага чепти көрсөтөйүн, – деп сыйкырчы карыя Улукту ээрчитип жөнөдү. Экөө коргонду айланып көпкө чейин жүрүштү.

– Ушул ураган дубалдар кантип чеп болсун?

– Илгери, мындан 12 кылым мурда Кошой-Коргон чоң чеп болгон, – деп карыя колун жогору көтөрдү эле, заңгыраган зор чеп пайда болду.

Улук аны танданып, кызыгып карап калды.


– О-у, укмуш! Азыр ал чеп кайда?

– Жаан-чачын, шамал бузуп, Кошой-Коргон жылдан-жылга кичирейип кетти. Акыры ушул абалга келди, – деп карыя кейип сүйлөдү.

– Кошой-Коргонду ким курган, чоң ата?

– Ат-Башы аймагы кооз жерлери менен атактуу. Жапжашыл шибери, таптаза суулары, суу жээгиндеги токойлоручу!





Кыздары сулуу, жигиттери баатыр. Сөзмөр, шайыр, өнөрлүү эл жашайт бул аймакта. Ушул кооз жайды ээлеп алууга көз арткан душмандар көп болгон. Алар тез-тез чабуул жасап турушкан. Жоодон коргонуу үчүн Кошой-Коргон курулган. Чеп бийик жана чоң эле, ичине көп эл баткан.


– Элдер коргондун ичине кирип жашынганбы?


– Ооба, Кошой-Коргон элди көп жылдар бою душмандан сактаган.

Дарбазалары бекем жабылчу. Сыртынан жоокерлер кайтарчу. Кийин согуштарда чеп бузулду, элдер ар кайсы жакка тарап көчтү.

– Эми Кошой-Коргон жок болуп кетпесе экен. Аны сакташыбыз керек, ээ, чоң ата?

– Азыр коргонду сактап калуу үчүн эл аракет жасап жатышат.






Улук дагы суроо берейин дегенче эле, карыя жок болуп кетти. Эки жагын караса, аба шары да көрүнбөйт. Ал бир топко чейин бул окуяга ишене албай турду. Анан айылды көздөй чуркап жөнөдү. Декилдеп чуркап жүрүп отуруп, айылына араң жетти. Артын караса, Кошой-Коргон алыс калыптыр. Заңкайган бийик Ала-Тоо, анын каршы жагындагы Кошой-Тоо, айыл четиндеги Кошой-Коргон бардыгы өзгөчө сүрдүү көрүндү.

Алар Улукту карап тургандай сезилди.

– Кошой-Коргонум, тоолорум, сууларым, силерди жакшы көрө-өм! – деп кыйкыргысы келди.

Улуктун оюна Кошой-Коргон жөнүндө түркүн суроолор пайда болду. Ал чеп тууралуу дагы көптү билгиси келди. Бул окуяны досторума айтып берсем деп ойлоп бара жатты. Улук үйүнө кандай жеткенин да билбей калды…



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Заря Мамбетова
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли